| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**VIII-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №19/1**

Жаны-Арык айылы 2023-жылдын 6-апрели

**Жаны-Арык айыл аймагында жазгы айдоо-себүүгө катышуучу айыл-чарба техникаларынын тарифтерин, мал багуунун акысын бекитүү жана корук жерлерге түшкөн малдарга айып пулдарды белгилөө, корук уюштуруунун, сугат сууларын пайдалануу мөөнөттөрүн белгилөө жөнүндө**

КР “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Жаны-Арык айыл аймагынын тургундары менен өткөрүлгөн жыйындардын протоколдорунун негизинде Жаны-Арык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковдун сунушун карап жана маалыматын угуп жана айылдык кенештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, сунуштарын эске алып Жаны-Арык айыл аймагынын айылдык Кенеши, **токтом кылат:**

1. Жаны-Арык айыл аймагында жазгы айдоо-себүүгө катышуучу айыл-чарба техникаларынын тарифтерин, мал багуунун акысын жана корук жерлерге түшкөн малдарга айып пулдарды белгилөө, корук уюштуруунун, сугат сууларын пайдалануу мөөнөттөрү төмөндөгүдөй белгиленсин жана бекитилсин:
   1) ***1 га жер аянты үчүн:***
   - Жер айдоо – 1500 сом, 25 л май, эгер дың жерди бузса 30 л май
   - Малалоо – 800 сом, 10 л май
   - Себүү – 800 сом, 10 л май
   - Шак тартуу – 300 сом, 5 л май

   *Эскертүү:* Жерди айдоодо терең айдоо жагы көзөмөлдүккө алынсын.
   2) ***1 га жер аянты сугат жүргүзүү үчүн:***
   - Кара сугат – 6 саат
   - Жер жана чөп аянтын сугаруу – 5 саат
   - Огород сугаруу – 4 саат. Огород сугаруу Кызарт, Жаны-Арык айылдары боюнча кечки саат 17-00 дөн, түнкү саат 24-00 гө чейин жүргүзүлөт. Ал эми Базар-Турук, Кызыл-Эмгек айылдары боюнча кечки саат 19-00 дөн, түнкү саат 24-00 гө чейин жүргүзүлөт.
   3) ***Мал багуунун акысы***
   - Бодо малга – 400 сом
   - Кой-эчки – 70 сом

   *Эскертүү:* Ар бир мал ээси жайыт акысын өздөрү төгүшөт жана жайыт акысы төгүлгөндөн кийин бадага кошуусу керек.
   4) **Корук уюштуруу**: Жаны-Арык айыл аймагынын Кызыл-Эмгек айылынан башка айылдарда 2023-жылдын 25-апрелинен, ал эми Кызыл-Эмгек айылында 2023-жылдын 20-апрелинен башталат. Күзүндө оруп-жыюу өнөктүгү толук аяктаганга чейин же 1-октябрь 2023-жылга чейин жүргүзүлөт.

Корукка түшкөн малдын айып пулу:
Бодо малдарга (уй, жылкы) – 200 сом (төлүнө алынбайт)
Кой-эчкиге – 30 сом (төлүнө алынбайт)
*Эскертүү*: Корукчу 12 саат ичинде мал ээсине, айыл башчыларга камакка мал түшкөндүгү жөнүндө билдириши керек. Эгерде бул аралыкта мал ээси корукка түшкөнү үчүн камалган малдарын чыгарып кетпесе, мал зыянга учураса корукчу төлөбөйт

5) **Көчүү- конуунун убактысы:**

2023-жылдын 25-апрелине чейин ички жайыттарга, ал эми сырткы жайыттарга 2023-жылдын 20-июнуна чейин толук көчүп бүтүшү керек. Жайлоодон 1-октябрь 2023-жылга чейин көчүп келбеши керек.

2. Жаны-Арык айылдык Кеңешинин 08.04.2022-жылдагы №8/1 токтому күчүн жоготту деп табылсын;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаны-Арык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**